УДК: 373.3

Жумабекова А.А.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУнун, магистранты*

# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ БААЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Макалада башталгыч мектепте баалоонун түрлөрү, алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу маалыматтар берилди. Ошондой эле заманбап баалоого болгон талаптар жана баалоонун максаттары аныкталды.*

***Негизги сөздөр:*** *заманбап баалоо, суммативдик, формативдик, критериалдык, диагностикалык, компетенттүүлүк, мамлекеттик билим берүү стандарты, күтүлүүчү натыйжалар.*

*В данной статье дана информация о видах оценивания в начальной школе и их особенности. Также определены требования и цели современного оценивания.*

***Ключевые слова:*** *современное оценивание, суммативное, формативное, критериальное, диагностические, компетентность, государственный образовательный стандарт, ожидаемые результаты*

*This article gives information about student-centered learning in the elementary school.*

*Also discusses the objective and organized personal components when implementing student-centered learning.*

*This article provides information about the types of assessment in the primary school and their features.Also defined requirements and goals of modern assessment.*

*In this article, the recommended way of training in ethnocultural direction in elementary school.*

***Key words:*** *modern estimation , cumulative , formative , criterial , diagnostic ,competence, state educational standard ,expected results.*

Бүгүнкү күндө билим берүү натыйжага жетишүүгө багытталып, окутуу процесси натыйжалуу болгондо гана ал мааниге ээ болот. Билим берүү коомчулугунда өтө көп талкууланган маселе болуп билим берүүнүн сапаты, аны жакшыртуу жана баалоо керектиги саналат.

Жалпы орто билим берүү мектептеринде окуучулардын окуу процессинде жетишкен ийгиликтери текшерүүнүн жыйынтыктарына карата аныкталат. Окуучулардын билимин, билгичтигин жана көндүмдөрүн аныктоодо баалоо системасы чоң роль ойнойт.

Баалоо – бул окутуудагы жетишкендиктерди ченеп-өлчөөчү жана андагы проблемаларды диагноздоочу, кайтарым байланышты жүргүзүүчү, билим берүү процессинин катышуучуларын (класстын окуучуларын, мугалимдерди, ата-энелерди жана мамлекетти) билим берүүнүн абалы, проблемалары жана ийгиликтери жөнүндө кабардар кылуучу негизги каражат. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо системасы – бул берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын (окуучулардын пландалган билим берүү натыйжаларына жетишүүсүн) баалоо, билим берүү процессинин маанилүү элементи.

Азыркы учурда билим берүү системасы өлкөнүн гүлдөп өнүгүшү үчүн социалдык-экономикалык абалдын негизги компоненти катары каралат. Ал эми окуучулардын билимин баалоо заманбап мектептин билим берүү системасында ар бир мугалим үчүн проблема болуп келет. Мамлекеттик билим берүү стандартын реализациялоо шартында жаңы муундун билим сапатын талап кылууда окутуу системасынын эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн принципиалдуу түрдө окуучулардын чыгармачыл потенциалын кеңири колдонуучу жаңы жолдорду издөөнү шарттайт. Ошондуктан башталгыч билим берүүнүн жаңы стандарты пландаштырылган натыйжага жетүүгө болгон ийгиликти так, туура баалоо системасын талап кылат. Буга байланыштуу баалоо системасы төмөнкүдөй болушу шарт:

- 1) Баалоо ишмердүүлүгүнүн максаты аныкталат:
- А) Натыйжага жетүүгө ориентир алуу;
- Руханий-нравалык өнүгүү жана тарбия (жеке натыйжа);

- Универсалдуу окуу иш-аракеттерин калыптандыруу (ар түрдүү окуу предметтеринин ишмердүүлүгүнүн натыйжасы, аны практикада же окуудан тышкаркы иштерде колдонуу);
- Окуу предметтеринин мазмунун өздөштүрүү (предметтик натыйжа);
- Б) жогоруда аталган натыйжаларды бириктирүү менен комплекстүү мамилени камсыздоо (жеке, предметтик, предметтер аралык);
- В) пландаштырылган натыйжага жетүү жөнүндө алынган маалыматтын негизинде билим берүү системасын жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн камсыздоо;
- 2) баалоонун критерийлерин, процедурасын, инструменттерин аныктоо, алардын натыйжаларын көрсөтүү формалары;
- Баалоо системасын колдонуу ченемдерин жана шарттарын каттоо.

Ошондуктан бардык билим берүү мекемелеринде эски билим берүү натыйжасынан жаңы билим берүүнүн натыйжасына өтүү зарыл. Мында окуучунун ишмердүүлүгү ар тараптуу багыты бааланат, башкача айтканда, ар кандай практикалык тапшырмаларды чечүүдө балага турмушта реалдуу түрдө эмне керек экендиги бааланат.

Билим берүү процессин жаңыча баалоодо баалоо ишмердүүлүгү мугалимге гана эмес, окуучуга да тиешелүү болот. Мугалимдин педагогикалык ишмердүүлүгүндө негизги тапшырмалардын бири жана окуу процессинин түзүүчүсү болуп кенже мектеп курактагы балдардын окуу жетишкендиктерин баалоонун технологиясын тандоо саналат. Бул компонент окуу-тарбия процессинин башка компоненттери менен катарда (мазмуну, методдор, каражаттар, уюштуруу формалары) педагогикалык илимдин талаптарына дал келип жана мектептин алгачкы звеносунда билим берүүнүн максатын жана негизги артыкчылыгын (приоритетин) чагылдырышы керек. Окуучулардын билимин, билгичтигин баалоо системасы мугалимдин персоналдуу жана мектептин жалпы билим берүүнүн сапатына болгон жоопкерчилигин түзө алат. Мугалимдер коллективинин ишмердүүлүгүнүн натыйжасы окуучулардын билим деңгээлин системалуу түрдө аныктоо гана эмес, тарбиялуулукту жана өнүгүүнү да аныктайт.

Бүгүнкү күндө балага баа коюу анын башка окуучулардын ичиндеги ордун гана аныктайт. Бул жерден традициялык баалоо менен азыркы баалоо системасынын ортосунда карама-каршылык келип чыгат.

Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашыруу шартында окуучунун билим деңгээлин дифференциялоого багытталып, ар бир окуучу билинер-билинбес өзгөрүүлөрдү да байкоого мүмкүнчүлүк болуп, окуу жылында ийгиликтерге жетишүү стимулуна ориентир алып, окутуунун сапатын баалоого бирдей мамиле жасоо, тактап айтканда, билимди обьективдүү диагностикалоо камсыздалат.

Башталгыч мектепте окуу процессин баалоонун педагогикалык технологияларын иштеп чыгуу проблемасы актуалдуу жана коомдо кызыгуу туудурат. Окуучу жогорку натыйжага заманбап баалоонун технологиясына байланыштуу гана жетише алат. Эгерде башталгыч мектепте заманбап баалоо технологиясы колдонулса, кенже мектеп окуучуларынын билим деңгээли өтө жогорку көрсөткүчтү берет.

Мектепке келээри менен эле бала «баалоонун критерийлери» менен таанышуусу зарыл. Баалоо ар бир конкреттүү окуучунун өздүк жетишкендигине багытталышы керек. Баланын жалпы өзүн өзү баалоодо оң жактарын колдоо менен бирге, мугалим өзүнүн окутуусунда окуучунун конкреттүү баага жөндөмдүүлүгүн өрчүтүүсү талап кылынат.

Баалоо баланын өзүнө-өзү ишенүүсүн жана маанилүүлүгүн арттыруусу зарыл. «Адилеттүү» деген түшүнүк бул куракта баланын жана мугалимдин түшүнүгү боюнча ар башкача кабылданышы мүмкүн. Биринчи баскычта эле эмоционалдык коопсуздукту, жагымдуу маанайды түзүү зарылдыгы бар, эгер ката кетирсе да балада коркуу сезим болбойт.

Башталгыч класста баланын өнүгүүсүн жана программа боюнча берилген

натыйжаларды баалоо процесси көрсөтөт (куррикулумдун талаптары).

Баалоо максаттарга жетүү менен байланышта. Окуучу алдына окуу максатын, ал эми мугалим окутуучу максатты коет. Биринчи баскычта бул төмөнкүлөрдү билдирет:

- күтүлүүчү натыйжалар (компетенттүүлүктөр) окуучунун кызыкчылыгынан келип чыгат, б.а., окуунун максаттары жана натыйжасы бала үчүн актуалдуу жана маанилүү болушу керек;
- күтүлүүчү натыйжалар ачык талкууга алынат да, бала максатына жетүү үчүн кандай ишмердүүлүктү аткаруу керектигин жакшы түшүнөт;
- максатка жетүүчү кадамдары айтылат жана жетишүүдөгү баалоонун критерийлери талкууланат.

Окуу процессинде окуучунун өзүн-өзү баалоого жана өзүн-өзү анализдөөгө машыгуусунун түзүлүшүн колдоо зарыл. Бул формалдуу окутууну жана социалдык машыгууну камтыйт (бала топтогу жумушка салымы канчалык экендиги тууралуу ойлонот).

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо жаатында өлкөбүздө билим берүүнүн максатынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу азыркы учурда билим берүүнүн сапатын жогорулатууга багытталган билим берүү стратегиясын калыптандыруунун зарылдыгын айкын түшүнүү да, мындай өзгөрүүлөрдү жүргүзүүгө карата саясий эрк да бар. Ушуга байланыштуу билим берүү тармагында маалыматты чогултуу жана талдоо технологияларына негизделген, билим берүүнүн сапатын ченеп-өлчөөнүн ырааттуу жана ишенимдүү системасын калыптандыруунун, ошондой эле билим берүү системасын туруктуу жакшыртуу үчүн мониторинг жана баалоо системасын киргизүүгө негизделген стратегиялык пландоо жана башкаруу системасын түзүү милдети коюлуп жатат.

Кыргызстандын билим берүү системасы окуучуларды баалоо жагында кыйла алгылыктуу тажрыйбага ээ. Бул багытта «Айылдык билим берүү» жана «Сапаттуу билим» долбоорлордун ишке ашуусу маанилүү роль ойнойт. Өлкөдө класстын жана мектептин деңгээлинде баалоонун жаңы методдорун киргизүү боюнча белгилүү иштер жүргүзүлүп келет. Бирок ошол эле учурда изилдөөлөр учурдагы окутуу системасы заманбап коомдун талабына жооп берген окуучулардын турмушка жеткиликтүү даярдыгын камсыз кылбай жаткандыгын көрсөтүүдө. Окуучулар мектептен алган билимдерин эркин колдонууга, өзгөчө, эл аралык деңгээлде коюлуп жаткан талаптардын деңгээлинде колдонууга көп учурда даяр эместигин практика көрсөтүп жатат. Ошондой болсо да мектепте окутуунун натыйжаларын баалоого жасаган мамиледе бир катар жылыштар байкалууда. Басым тышкы баалоодон өзүн-өзү баалоого өтүп жатат, окуучу натыйжаны алууга гана эмес, аны талдоого да катышууда.

Жаңы билим берүү стратегиясында окуучунун баалоого мүмкүнчүлүгү жетиштүү болушу зарыл, б.а., ар дайым текшерүүчү болуп келген мугалим окуучуга баалоо каражаттары менен бөлүшүп, ага баалоо жүргүзүлгөн негиздерди жана критерийлерди ачып берип, ал баалоонун натыйжаларын өз кызыкчылыгында пайдалануусуна мүмкүнчүлүк түзүшү керек. Бул жагынан түзүлгөн кырдаал өтө оор жана коюлган милдеттер өтө олуттуу болсо да, аларды чечүү үчүн каражаттар бар. Алардын бири мектептерде өзүнүн натыйжалуулугун далилдеген класста ички баалоонун ар түрдүү каражаттары болуп саналат.

Учурда башталгыч билим берүү системасында баалоонун түрлөрү болгон: калыптандыруучу (формативдик), жыйынтыктоочу (суммативдик), критерийлик, окуучу өзүн-өзү, диагностикалык баалоо колдонулуп жатат.

Критерийлик баалоо − бул окуучунун иш-аракетинин натыйжаларынын санын балл түрүндө баалабай турган система. Критерийлик баалоодо баа билим алуунун сапаттык көрсөткүчү болуусу зарыл.

Критерийлик текшерүү жана баалоонун негизги функциясы − бул окуучунун билим алуу иш-аракетинде билген жана билбеген жактарынын, өздүк потенциалдык

мүмкүнчүлүктөрүнүн, чече албаган маселелеринин чегинин жана аны жеңе билүүсүнүн көрсөткүчү.

Критерийлик баалоонун алдыдагы максаты ‒ билим алуучунун үзгүлтүксүз билимин өстүрүүдө жана жетишүүсүндө толук жоопкерчиликке жетишүүсү.

Портфолио – бул окуучунун өздүк жетишкендиктерин баалоонун, жыйноонун, тактоонун ыкмасы.

Портфолионун идеясы же окуучунун окуудагы жетишкендигинин өздүк папкасы биздин өлкөдө жалпыга белгилүү болуп бара жатат. Көп мектептер өзүнүн иш тажрыйбасында да колдонуп жатышат. Ошону менен бирге 21- кылымдын мектеби‒ «портфолио мектеби» деп бекемдеп жатышат жана портфолио идеясы бүткүл дүйнө боюнча билим берүүнүн талапка ылайык жаңылануусу деп эсептелинүүдө. Бул жаңылануу учурдагы цивилизациянын билим берүү системасынын өзгөрүү процессине алып келет жана жашоонун бардык чөйрөсүн: эмгек дүйнөсүн, экономикалык жана социалдык шарттарды камтыйт.

Калыптандыруучу (формативдик) баалоонун максаты болуп өлкөдө жаңы заманбап сапаттуу билимди камсыздандыруу, түзүү, аны ишке ашыруу эсептелет. Акыркы кездерде окуучулардын жетишкендиктеринин натыйжасын жаңыча баалоодо, формативдик баалоо жана суммативдик баалоо деген түшүнүктөр, сөздөр көп колдонула баштады. Формативдик баалоо калыптандыруучу, түзүүчү, куруучу, түптөөчү, негиздөөчү, баалоо деген түшүнүктү билдирет. Бул түшүнүктөр салттуу окутууда (традициялык) калыптандыруучу баалоо деген ат менен белгилүү жана мурунтадан эле колдонулуп келген.

Бирок учурдагы аталышы калыптандыруучу баалоо мугалимдерге тааныш болгону менен анын маани-маңызы, мазмуну, формасы технологиясы, методу, дидактикалык принциптери, сабакты пландаштыруу, максат коюу менен өзгөчөлөнөт.

Калыптандыруучу баалоо инсанга багытталат, окуучунун жеке мүмкүнчүлүгүн эске алат. Класста бир эле мугалим бардыгына бирдей эле сабак берсе да, ар бир окуучунун кабыл алуусу, таанып-билүүсү, мүмкүнчүлүгү, жетишкен натыйжасы ар башка. Муну далилдөөнүн да зарылдыгы жок. Окуучунун жеке мүмкүнчүлүгүн эске алып, калыптандыруучу баалоо аркылуу окутуу аталган эки областтын билим берүү жамаатында негизги ролду ойноодо.

Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо бул суммалоочу, жыйынтыктоочу, натыйжалоочу, баалоо деген түшүнүктү билдирет. Бул түшүнүктөр салттуу окутууда (традициялык) жыйынтыктоочу баалоо деген ат менен белгилүү жана мурунтадан эле колдонулуп келген. Бирок учурдагы аталышы ‒ жыйынтыктоочу баалоо‒ мугалимдерге тааныш болгону менен, аны өткөрүү, сынак-экзамендердин маани-маңызы, мазмуну, формасы, технологиясы өзгөчөлөнөт.

Диагностикалык баалоо – бул окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн, компетенттүүлүктөрүнүн калыптанышынын башталгыч деңгээлин аныктоо. Баалоонун бул түрү окуу жылынын башында же теманы, окуу бөлүмүн үйрөнүүнүн биринчи сабагында жүргүзүлөт.

Диагностикалык баалоонун зарылчылыгы төмөнкү учурлар менен аныкталат:

- Окуучулардын даярдыгынын ар түрдүү деңгээли;
- Мазмунду өздөштүрүүдө ырааттуулукту камсыздоо менен;
- Психикалык өнүгүүдө “жакынкы өнүгүү зонасына” (Л.С.Выготский) ылайык окуучулардын керектөөлөрүнө жана мүмкүнчүлүгүнө дал келе турган жана үйрөнүү процессин алдын ала көрүү зарылдыгы менен аныкталат.

Ошентип, жыйынтыктап айтканда, башталгыч мектепте окуу процессинде баалоонун кайсы түрү колдонулбасын, анын жыйынтыгы баланын инсанын калыптандырууда, келечекте турмуштук ориентирин туура тандоочу татыктуу кесип ээлерин даярдоо ишинде чоң мааниге ээ десек болот.

**Адабияттар:**

1. Башталгыч мектептеги формативдик баалоо. Мугалимдер үчүн практикалык колдонмо/ Түзүүчүлөр: О.И.Дудкина, А.А.Буркитова, Р.Х.Шакиров. – Б.: Билим, 2012.
2. Липкина А.И. Самооценка школьника. - М., 1999.
3. Мамбетакунов Э., Сияев Т.М. Педагогиканын негиздери. – Бишкек, 2015.
4. Ясницкий А.К. История культурно-исторической гештальтпсихологии: Выготский, Лурия, Коффка, Левин и др.// Психологический журнал Международного университета природы, общества и человека «Дубна».—2012.— №1.
5. Цукерман Г.А. Оценка без отметки. -М. – Рига: Педагогический центр «Эксперимент», 1999.